ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

УДК: 81.362:811.58:82 (575.2)(04) DOI:10.35803/1694-5298.2022.1.162-167

**ТУРГУНОВА Г.А., КАЛЫКОВА Ч. И.**
[1]Кыргызстан Эл аралык университети, Бишкек, Кыргыз Республикасы
[1]Международный Университет Кыргызстана, Бишкек, Кыргызская Республика

**TURGUNOVA G.A., KALYKOVA CH. I.**
International University of Kyrgyzstan Bishkek, Kyrgyz Republic
turgunova7@mail.ru; chikali17@mail.ru

# ААЛАМДЫ БИЛДИРГЕН ТОПОНИМДЕР, АНЫН КЫРГЫЗ ПОЭЗИЯСЫНДА, ООЗЕКИ ЧЫГАРМАЛАРДА ЖАНА КӨРКӨМ АДАБИЯТТА ЧАГЫЛЫШЫ

# ВСЕЛЕННОЙ – ТОПОНИМЫ, ВОСПЕВАНИЕ В КЫРГЫЗСКОЙ ПОЭЗИИ, В УСТНОМ ТВОРЧЕСТВЕ И В ХУДОЖЕСТВЕННОЙ ЛИТЕРАТУРЕ

# TOPONYMS OF THE UNIVERSE, CHANTING IT IN KYRGYZ POETRY, IN ORAL CREATIVITY AND IN FICTIONS

*“Аалам” концептин изилдөө азыркы учурдун актуалдуу маселеси болуп турат. Аалам адамзат үчүн өтө кызыктуу жана табышмактуу обьект болуп эсептелет. Анын көп кырдуулугу, адамзатка баш ийбеген, өзүнө гана тиешелүү законду, жол жоболору бар экени талашсыз. Бул макалада кыргыз элинин ааламды таанып билүүсү, ага болгон көз караштары жана аны өз чыгармаларында алмустактан бери эле даңктап ырдап келиши жөнүндө сөз кылабыз.*

*Изилдөө толугураак болуш үчүн кыргыздын оозеки чыгармаларына, поэзиясына жана көркөм адабиятына кайрылып салыштырып талдап чыгабыз. Изилдөө учурунда кыргыз элинин ааламды таанып билүүсү, анын көп түрдүүлүгүн ажырата билүүсү илимде изилденип табылган көптөгөн ачылыштарга окшош экенин көрөбүз.*

*Жыйынтыгында байыркы кыргыз элинин “ааламды – дүйнөнү” таанып билүү жөндөмдүүлүгүнүн жогору экенине баа берип, алардын турмуш тажрыйбасынын мол экенин туябыз.*

***Өзөк сөздөр:**: аалам, дүйнө, жер, ай, күн, асман, адамзат, ички дүйнө, сүйүү, жылдыз.*

*Изучение концепта “Вселенная” является актуальным вопросом современности. Вселенная очень интересный и загадочный объект для человечества. Нет сомнения, что она многогранна, имеет свои законы и правила, которые неподвластна челевечеству. В этой статье мы поговорим о знаниях кыргызов о вселенной, их взгляды на ее создание и существование, также как они воспевают ее в своих произведениях с незапамятных времен.*

*Для более детального изучения сравним и сопоставим кыргызские устные произведения, поэзию и художественную литературу. В ходе нашего исследования мы обнаруживаем, что способность кыргызов познавать вселенную и различать ее многообразие подобна многим открытиям, сделанным в науке.*

*В результате исследования, мы ценим способность древних кыргызов познавать “вселенную” – “мир”, и осознаем достаточно большой, богатый жизненный опыт нашего народа.*

***Ключевые слова:** вселенная, мир, земля, луна, солнце, небо, человечество, внутренний мир, любовь, звезда.*

*The study of the concept "Universe" is a topical issue of our time. The universe is a very interesting and mysterious object for mankind. There is no doubt that it is multifaceted, has its own laws and rules that are beyond the control of mankind. In this article, we will talk about the*

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

*knowledge of the Kyrgyz about the universe, their views on its creation and existence, as well as how they sing about it in their works from time immemorial.*

*For a more detailed study, let's compare and compare Kyrgyz oral works, poetry and fiction. In the course of our research, we find that the ability of the Kyrgyz to cognize the universe and discern its diversity is similar to many discoveries made in science.*

*As a result of the study, we appreciate the ability of the ancient Kyrgyz to know the "universe" - "the world", and we are aware of the rather large, rich life experience of our people.*

***Key words:*** *universe, world, earth, moon, sun, sky, humanity, inner world, love, star.*

**Киришүү**. Ааламдын жаралышы, анын сырын толук ачуу үчүн адамзат канчалаган кылымдан бери алпурушуп келет. Аалам сыры , анын эч бир адамзатка баш ийбеген закондору, ааламдын көп кырдуулугу, анын адам тагдыры менен тыгыз байланыш экени жалпыбызга маалым. "Аалам" деген түшүнүк кыргыз тилинде "дүйнө" деген синонимдик түшүнүк менен да берилет. Ааламды таануу, дүйнөнүн көп кырдуулугун сезүү аны менен эриш аркак жашоо бул адамзаттын алдына коюлган милдет. Ооба адамзат да бул ааламдын , дүйнөнүн эч бөлүнгүс бөлүгү экенинде талаш жок.

Кыргыздар *дүйнө туюму*, *дүйнө таануу* деген сөз айкаштарын көп колдонушат. Дүйнөнү сезим менен таанууну жогорку катарга коюшат. Ааламдын, дүйнөнүн башаты эмнеде, ал кантип жаралган, аны чечмелеп билүүгө мүмкүнчүлүк барбы деген суроолор алмустактан бери эле адамзатты ойлонтуп келе жатат.

Кыргыз эли байыркы эл болгондуктан дүйнө таанымы да басып өткөн жолдорундагы кездешкен, өз баштарынан кечирген тажрыйбаларына таянышып түшүндүрүп келишет. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгы өркүндөп келгенин билебиз. Өзгөчө жамактап ырдап, Манас айтып, кошок кошуп, түрдүү санжыраларды айтышып улуттун өзгөчөлүгүн, улуттук баалуулугун сактап кылымдан кылымга өткөрүп берип келишкен.

**Изилдене турган материалдар жана анын жоболору.** Бул макалада кыргыз поэзиясында, адабиятында, өзгөчө оозэки чыгармачылыгында "аалам" түшүнүгүнүн даңкталып ырдалышын иликтеп, ага карата болгон кыргыз элинин көз караштарын тактап, аларды салыштыруу жолу менен изилдейбиз.

**Негизги иликтөө.** Кыргыз эли аалам кубулушун өтө жакшы түшүнүшкөн жана аларды өз жашоолорунда колдонуп келишкен. Буга тастыктама катарында википедияга кайрылсак: "Ал эми адамзатты курчаган дүйнөнүн жалпы турум-турпатын туюндурган Ааламдын тутумунда турган бөлүктөр Күн, Ай, Асман (Көк), Жер жөнүндөгү түшүнүктөрдүн төркүн-теги кыргыз элинин илгертен келе жаткан салттык ой-түшүнүгүнө байланышкан. Ал «дүйнө элесине», менталитетке, маданият категорияларына киргендиктен, ошол маданияттын, элдин өкүлдөрү ага атайылап маани бербейт, таасындап дайындап кеп кылбайт, өзүнөн өзү түшүнүктүү, калайык-калкка маалым көрүнүш катары кабылдашат" [5].

Ушул жерден кыргыз элинин салттык ой түшүнүгүнүн жогору экенин баса белгилеп кетсек болот. Ал тургай Манастын өзү да төмөнкүдөй сүрөттөлөт:

Асман менен жериңдин
Тирөөсүнөн бүткөндөй,
Айың менен күнүңдүн,
Бир өзүнөн бүткөндөй. [6, 2 – том 248 бет ]

Манастын мындай сыпатталышы асман менен жердин ортосунда кандайдыр бир тиреп турган нерсе тууралуу түшүнүк беришет, мындай түшүнүк эки жактуу колдонулат: реалисттик жана мифологиялык мүнөздө.

Эпосто *ааламдын* чексиздиги, анын көп кырдуулугу жөнүндө көп айтылат. Буга мисал Манаста кездешкен сөз айкаштары: "Он сегиз миң аалам", "алтымыш миң ааламдан", "Жети кабат кара жер", "түндүк менен түштук" "Күн чыгышка карай жол, күн батышка карай жол", табият түшүнүгүндөгү "он" менен "сол" жана башкалар.

Дагы бир кызыктуу жагы кыргыздарда астрологиялык түшүнүктөрдүн берилиши. Буларга жылдыздарга карап табияттын кубулуштарын билүү, ошону менен эле бирге адамдардын мүнөзүнө, жүрүш – турушуна, алардын ой максаттарына жана иш аракеттерине мүнөздөмө берүүсү кирет. Кыргыз элинде эгерде үйлөнө турган жаштар бири бирин

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

жактырып, баш кошууга макул болушса "жылдызы келишип" деп же тескерисинче ажырашып кетишсе "жылдызы келишпей калды" деп айтып коюшат. Мындай көрүнүш дүйнө жүзүндө кеңири тараган астрологиялык төлгөгө окшош. Ошону менен эле бирге Манас эпосунда («жылдызы түшүп», «жылдызы оң экен», «Атка каршы ай экен, Эрге каршы жыл экен» — дейт далычы Таргыл таз), же табият кубулуштарына байланыштуу магиялык (эпостогу жайчылардын иш-аракети) маани-мазмундар кезигет. Жылдыздарга карап мүнөздөмө берүү бул табияттын кубулушун жакшы түшүнүү дегенди билдирет, ошону менен эле бирге кыргыз элинин мифологиялык түшүнүктөрдү да кеңири колдонуп келгенин баяндайт.

Бул боюнча Википедияда мындайча берилген: "Дүйнөлүк мифологиянын универсалийлеринин бири Ааламдын, мейкиндин үч катмары тууралуу ой-түшүнүк: «Жогорку дүйнө», «ортоңку дүйнө», «жер алды дүйнө». Бул эпосто Манастын үстүнөн уча коштогон алп кара куш, капталдай жандаган көсөө куйрук көк бөрү, артынан ээрчиген ажыдаар (жылан) аркылуу берилет. Ааламдын турум-турпатын тартууда экилтик (бинарчыл) жол-жобо колдонулат. Дүйнөнүн түзүлүшүндө, табият кубулушунда «оң» менен «сол» ажыратылат. Эпосто «Шымал жагын сол деген, Жануп жагын оң деген», — деп баяндалат. Парсыча «шымал»— «түндүк», «жануп» — «түштүк» болот. Ушу сыяктуу эле Күн менен Ай, Жер менен Көк, too менен суу, түн менен күн карама-каршы коюлуп, кошмок мүнөздө сыпатталат [5].

Ааламдын бир бөлүгү болгон жер планетасын кыргыздар ар түрдүүү кылып сыпаттап келишкен. Мисалга алсак биз мектепте окуп жүргөндө байыркы адамдар жерди жалпак, аны үч өгүз көтөрүп турат деп элестетишкен догмалык сүрөттөрүн окуу китептеринен көргөнбүз. Ал эми эпосто жер боюнча төмөнкүчө айтылат: «Жеткен жан келер жөргөлөп, Жердин өзү дөңгөлөк»; «Толгонуп дүйнө жүзүнө, Тогуз айда жетиптир» [5]. Бул мисал кыргыздар атам замандан бери эле жердин тоголок экенин билишкенин далилдейт.

Аалам же дүйнө түшүнүгү Манас эпосунда мифологиялык образда апыртылып берилген учурлары да кездешет. Мисалы үчүн Сагымбай Орозбаковдун вариантында Чыйырды байбиче көргөн түшүн баян этип мындай дейт:

«Ажыдаар болуптур,
Ачууланып оп тартса,
Ай-ааламды соруптур» [7, 1 – том 23 бет ]

Манас эпосунда *ааламды* жаратуучу Кудай тууралуу да ачык так берилген. Буга мисал катары Көкчөнүн Алмамбетти мусулман динине кирүүгө үндөп аалам жөнүндө баяндаганын алып көрөлү:

Астыңдагы жер деди,
Жер көтөргөн жел деди,
Жел экен деп тим болбой
Жеткирип ойло сен деди.
Жеке кудай өзү деп
Кудайдан биле бер деди.
Үстүндөгү көк деди.
Көк бирөө деп ойлобо,
Катар-катар көп деди.
Арша-күршү жайлар бар,
Төртүнчү кабат асманда
Күнүң менен айлар бар,
Асмандагы жылдызды
Адам болжоор неме эмес,
Ар бир жылдыз ай, күндөн
Чоңдугу да кем эмес,
Жетинчи кабат асмандан
Жетип тур, көрдүң жарыгын
Жеке жалгыз Алланын
Аңдап билгин бардыгын [8]

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

Берилген мисалда *ааламды* жети кабат деп түшүндүрүп жатат, ал кабаттарга жердин астындагы дүйнөнү айтып жатат, жер үстүндөгү дүйнөнү, ошону менен эле бирге асманды (кыргыздар көк деп асманды аташкан, бул анын көк жашыл түсүнө карата берилген ат болушу мүмкүн) да бир нече кабат экенин айтат. Эң негизгиси ай менен күндү жана жылдыздарды сүрөттөгөнүнө көңүл бөлөлү. Кыргыз эли байыркы эл болуп эсептелинет, “Манас” эпосунун өзүнүн айтылып баштаганына эле 1000 жылдан бир топ ашуун убакыт болду, ошого карабастан эч кандай телескобу же башка аспаптары жок эле ***ай, күн, жердин*** ырааттуу айланышын белгилеп, ***жылдыздарды*** өз өзүнчө планета катары карап, алардын бул бирдиктүү чексиз ааламды түзүүдөгү ордун баса белгилегени кызыктуу факты болуп эсептелинет.

Ааламдын, дүйнөнүн чексиздигин, анын улуулугун, бийиктигин кыргыз эли поэзияда да даназалап келишет. Кыргыздар аалам жөнүндө сөз кылганда сөзсүз ***он сегиз миң аалам*** деп сүйлөшөт. Бул сан кыргыздар үчүн кандайдыр бир деңгээлде калыптанган сан болуп калган. Эң негизгиси кыргыздар ааламдын жаралышын, анын маңызын терен түшүнүшкөн. Мисалга алсак Женижок улуу акын өзүнүн акын Эсенаман менен болгон айтышында мындай дейт:

Он сегиз миң Ааламды,
Бир жараткан эмеспи.
Эң биринчи дүйнөгө,
Нур жараткан эмеспи.
Суук кыштын булутун,
Сур жараткан эмеспи.
Эмгексизди энчиден,
Кур жараткан эмеспи!
Аалам жашап турсун деп,
Күн жараткан эмеспи.
Алмаштырып Күн менен,
Түн жараткан эмеспи.
Буруксуган атырдай,
Гүл жараткан эмеспи.
Булбулдарга шайырдык,
Үн жараткан эмеспи.
Көз кумарын кандырган,
Түр жараткан эмеспи.
Жети кабат бейишке,
Үр жараткан эмеспи.
Баатырларга ылайык,
Сүр жараткан эмеспи!
Бардык жанга насипти,
Бир жараткан эмеспи!
Алтын нурун төгүлтүп,
Ай жараткан эмеспи.
Жылдыздарын жайнатып,
Шай жараткан эмеспи.
Асман, Жердин арасын,
Кең жараткан эмеспи.
Адамзаттын баарысын,
Тең жараткан эмеспи,
Жайда салкын болсун деп,
Жел жараткан эмеспи.
Түркүн гүлүн жайнатып,
Бел жараткан эмеспи.
Жерден берип ырыскы,
Эл жараткан эмеспи [1].

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

Карап байкап көрсөк Женижок акын ааламдын көп кырдуу экендигин сезип туюп, аны он сегиз миң аалам деп баса белгилеп, анан эн кызыгы ааламдын жаралышын тизмектеп айтып кеткен. Улуу акын Ааламдын башаты бир экенин, андан кийин күн, ай, жер, суу, тоолор, жан жаныбалар, өсүмдүктөр, курт кумурскаларга чейин Алланын жаратканын кандай гана кооз тизмектеп айтып берген. Ушул жерде акын бардык жаратылган нерселердин эң негизгиси, асылы адам экендигин да даңазалайт.

Дагы бир улуу инсан Нурмолдонун жазма өнөрүнө кайрылып, анын ааламды кантип даңазалаганын көрсөк:

Айт-айт десе саламды айт,
Аяк-башсыз ааламды айт.
Адамзаттын мыктысын,
Ачык жазган каламды айт деп, ааламдын чексиз экени, аны жүрөк менен туюп сезүү керек экенин жана адамзаттын улуулугун белгилейт [2].

Аалам түшүнүгү боюнча анализ кылууда кыргыз элин дүйнөгө дүңгүрөтүп тааныткан белгилүү философ жазуучу Чыңгыз Айтматов жөнүндө айтпай кое албайбыз, себеби ал *аалам* темасына өзгөчө көңүл бөлгөн. "*Аалам жана Айтматов*" деген сөз эл арасында көптөн бери жашап келет.

"Айтматовдун ааламы боорукердик, сүйүү, жан тартуу, урмат-сый, достук жана чынчылдык жашаган дүйнө, ушунун баары Ааламдын өзөгүн тузуп турат. Бул Аалам адамзаттын алдына аткара турган чон милдеттерди коёт. Ал милдет жер бетинде гана эмес, бүткүл Ааламда тынчтыкты жана ынтымак-ырыскерчиликте жашоону сактоо. Аалам эбегейсиз, Аалам чексиз, бирок ал адамдын кичинекей жүрөгүнө бата алат, адам аны өзү менен кошо алып жүрөт, адам аалам менен жуурулушуп бирге жашайт жана анын мыйзамдарына баш ийбей коё албайт [4, стр 418].

Улуу жазуучу өзү *ааламдын* бир бөлүгү болуп жуурулушуп, анын өзгөчөлүгүн, *ааламга* болгон адамзаттын көз карашын ошону менен эле *аалам* адамга кандай жооп берет, эмне кылсак жакшы, кандай мамиле кылсак жаман деген терең ойлорун айтып, бардык жер жүзүндөгү адамзатты биз жашаган, биз толук билбеген чексиз ааламды, дүйнөнү аздектеп мамиле кылууга чакырат.

Белгилүү драматург, жазуучу Султан Раев "*Дүйнөнүн табышмагы алардын көкүрөгүндө эбак орногондой сезимде жашаган"* деген макаласында *Дүйнөнүн башаты эмне?* деген собол салып, ага жооп издеген**.** *Бул суроого ар кимибиз ар башка жооп айтабыз. А балким, анын башаты шамал чыгар, дүйнөнү, сезимди, көңүлдү, көөдөндү алып учкан... шамал чыгар. Аягы жок, учу жок, кайдан чыккан башы жок... Шамал бейм?..* деп адам баласынын ички дүйнөсүндөгү уйгу-туйгу сезимдер, адамдын жан дүйнөсү ааламга учуп чыгып, өзүнчө жол салып ары бери урунуп изденип, бирде учуп көкөлөп, бирде төмөн түшүп мөгдүрөп, бирок жашоо деген керемет экенин белгилеп да, бул жашоонун манызы эмнеде деген суроолорго чыгармачыл адамдардын арасынан жооп издейт.

Аалам куралганбы жалаң сөздөн,
Жалаң төш, сезим кайнак,
Муз эриткен.
Сөздөрү сере дүйнө,
Өчпөс башат,
Дилинде Кудай кубат,
Күн Тамгасы.
Жүрөгү,
Жуурулушкан,
Аалам башат,
Канында,
тамыр тарам,
Ой жарышат,
Перишге илебине,
Конуп алган.
Акындын сөздөрүндө,

Кудай жашайт,-деп белгисиз сары ооз акын жазгандай, деп айтып өтөт.

Кыргыздын дагы бир белгилүү акыны Жолон Мамытовдун төмөнкү саптарын көрсөтүп, ал кантип дүйнөнүн, *ааламдын* парадоксун туйду экен деп таң калат:

Чексиздикке өз бийлигин тараткан
ченейм күчтү, баш айланып санактан.
Тартылуунун мыйзамына таңданам
дөңгөлөтүп Жерди... сүйрөп бараткан [3].

Бул ыр саптары чындыгында эле, физикалык кубулуш жердин тартылуу күчүн айтып, жер шаарынын орбитада айланып бараткантын сүрөттөп өтөт.

Өзүнүн макаласында С. Раев ой чабытында жүрүп адамзат үчүн эң керектүү зарыл нерсе, дүйнөнүн түркүгүн кармаган сезим бул "сүйүү" деп токтолот. Албетте бул пикирге улуу жазуучу **Чыңгыз Айтматовдун:** "Аалам да, адам да сүйүүдөн жаралган, сүйүүнүн өзү түбөлүк!.." деп даңазалаган учкул сөзү жакшы далил боло алат.

**Корутунду жана кийинки каралуучу маселелер**. Жогорудагы айтылган кыргыз поэзиясында, оозеки чыгармаларында жана эпостун үзүндүлөрүндө берилген мисалдарга таянып төмөнкү жыйынтыкка келсек болот: кыргыз элинин ааламды, дүйнөнү таануусу терен жана өтө маныздуу болуп саналат; алар көпчүлүк түшүнүктөрдү өз жашоолорунан алып, турмушка келечекке карата ыңгайлаштырып, өрчүтүп өстүрүп келип отурушат. Кыргыз элинин менталитети, дүйнө таануу жөндөмдүүлүгү жалпы адамзаттын өсүү процессине шайкеш келет. Албетте ааламдын жаралышы жөнүндө талаш тартыштар, анын көп кырдуулун толук далилдөөгө аракет кылган ар түрдүү илимий ачылыштар, изилдөөлөр болуп келген жана боло бермекчи, себеби бул жалпы адамзат үчүн, анын келечеги үчүн өтө чоң маселе. Аалам бул чексиз, түбөлүктүү, кубаттуу, табышмактуу нерсе. Ушундан улам биз ааламдын жаралышын Куран китебине таянып изилдесек туура болот деп ойлойбуз, анткени куран китебинде жазылган нерселер туура чыгып, дүйнөдөгү менмин деген илимпоздор өз изилдөөлөрүндө кайра кайра Куранга келип такалып жатышканы жалпыбызга маалым. Бул албетте өзүнчө карала турган чон маселе. Биз бул нерсеге кийинки изилдөөлөрүбүздө кайрылууну туура көрдүк.

## Адабияттар тизмеси


1. Женижок менен Эсенамандын айтышы [электрондук ресурс] URL: https://kmborboru.su/2014/08/15/zhe-izhok-menen-e-senamandy-n-ajty-shy/ (кайрылуу куну 25.01.21 )

2. Кыргыз поэзиясы кылымдардын кыйырында. Кыргыз эл ырлары. 1-том.[электрондук ресурс] URL: https://new.bizdin.kg/media/books/1-Tom-Kyrgyz-poeziyasy- kylymdardyn-kyyiyrynda-Kyrgyz-el-yrlary.pdf (кайрылуу куну 27.01.22)

3 С. Раев. Дүйнөнүн табышмагы алардын көкүрөгүндө эбак орногондой сезимде жашаган [электрондук ресурс] URL:https://stedmood.ru/kyrgyz/kyrgyzstan-56534233 (кайрылуу куну 24.12.21)

4. Тургунова Г. Мир Ч. Айтматова в интерпретации и восприятии [Текст] / Г.Тургунова // Бюллетень науки и практики. – 2021. - №10. - Т. 7. - 414 – 419 стр.

5. Манас эпосундагы аалам түшүнүгү[электрондук ресурс] URL: https://ky.wikipedia.org/wiki/Манас_эпосундагы_аалам_түшүнүгү (кайрылуу күнү 24.12.21)

6. Орозбаков С. Манас эпосу [Текст] / С.Орозбаков. – Фрунзе: Кыргызстан басмасы, 1979. - 2 том.

7. Орозбаков С. Манас эпосу [Текст] / С.Орозбаков. – Фрунзе: Кыргызстан басмасы, 1979. - 1 том.

8. Сагымбай Орозбаков, Кол жазмалар фондусу, 1972-инв., 185-б.